TURKPA
PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC-SPEAKING COUNTRIES

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча комиссия

Баяндама

COM/SCHA/REP/002/FINAL

**Жетинчи жыйын**
**16-май, 2019-жыл, Анкара**

# БУУнун ГЕНДЕРДИК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫ. ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДӨ БҮГҮНКҮ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДҮН БААЛУУЛУКТАРЫНЫН МАДАНИЙ ЖАКТАН ОКШОШТУКТАРЫ

**(Мыйзамдардын келечеги)**

## I. КИРИШҮҮ

1. БУУӨПтүн стратегиялык планындагыдай, ТӨМдүн бир максаты гендердик теңчиликке арналган, ошол эле маалда ал максат башка ТӨМдөргө дагы камтылган. Ал «гендердик теңчиликти ишке ашыруу жана аялдар менен кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү (ТӨМ-5) ТӨМ жана башка максаттар боюнча прогресске чоң салым кошот. Аялдар менен кыздар сапаттуу билимге, экономикалык ресурстарга жана саясый турмушта бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек, ошондой эле жумушка орношууда, баардык деңгээлдеги жетекчиликте жана чечим кабыл алууга эркектер жана балдар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрү болушу зарыл» деген маселелер камтылган.

2. Эл аралык практика көрсөткөндөй, гендердик мамилелердин модели үй-бүлөдөгү функционалдуу туруктуулуктун деңгээлине олуттуу таасир этет. Гендердик теңчиликтин деңгээли канчалык жогору болсо, үй-бүлө мүчөлөрүнүн үй-бүлө, экономика, адеп-ахлак, тарбия, коргоо жана башка маанилүү иш-милдеттерин аткарууда ошончолук жоопкерчиликтүү, тең жана натыйжалуу болот.

3. Чет өлкөлөрдө жүргүзүлгөн анализдер дүйнө жүзүндө үй-бүлө жана гендердик саясат жаатында бирдиктүү бир модел жоктугун көрсөттү. Ар бир өлкө мамлекеттик башкаруу системасын, улуттук өзгөчөлүгүн жана маданиятын эске алуу менен өзүнүн үй-бүлөлүк жана гендердик саясатын түзөт.

Tel:+99412 5635835 | Fax:+99412 5635834 | info@turk-pa.org | www.turk-pa.org | /turkpaorg /TURK_PA
Address: 106, S.S Akhundov str., microdistrict 7, AZ1116, Binagadi / Baku / Azerbaijan

4. Заманбап үй-бүлөнүн маданий жактан окшоштугу (ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн аймактык контекстин камтуу менен) – бир үй-бүлөнүн глобалдык контексте коомчулуктун мүчөсү катары таанылышындагы экономиканын, маданияттын, гендердик социаологиянын, ишке орношуунун, саламаттык, социалдык-тарыхый стереотиптердин, балдарды окутуунун, диндин жана башка көптөгөн параметрлердин жыйындысы. Бир мезгилдерде түрк тилдүү коомчулук тарыхый жана геосаясый жактан Европа менен Азиянын ортосунда жайгашып, Рим империясынын, арабдардын, Орусия, Кытай, Ирандын таасири астында болгон. Андыктан, алардын маданий жактан окшоштуктары көп маданияттуу тарыхый мурастар менен калыптанган.

5. Бул отчеттун максаты – БУУнун Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын контекстинде, Түрк тилдүү өлкөлөрдүн заманбап үй-бүлөсүндө гендердик мамилелердин маданий моделин баалоо, алардын улуттук мыйзамдарын эске алуу менен ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн ортосундагы бул багыттагы маселелер боюнча аймактык кызматташуу артыкчылыктарын иштеп чыгуу.

## II. ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК

6. ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттердин (Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия) үй-бүлө боюнча мамлекеттик саясаты жазуу жүзүндө төмөнкүдөй негизги принциптер менен берилет: а) ар бир үй-бүлөнүн туруктуу экономикасы; б) жубайлар ортосундагы өнөктөштүктөгү гармонияны стимулдаштыруу жана колдоо; в) үй-бүлөнүн саламаттыгы; г) маданий өз алдынчалуулугу менен эне тилинин сакталышы; д) балдардын ден соолугу жана аларга билим берүү. Түрк дүйнөсүнүн маданий мурастарынын байлыктарын сактоо менен жеке өнөктөштүктүн ийгиликтүү өз ара аракеттенүүсү жана үй-бүлөдө теңдештирилген жумуш үчүн шарттарды түзүү маанилүү.

7. ОЭСРдин статистикалык маалыматтарына ылайык, ОЭСР өлкөлөрүндө үй-бүлөнү колдоого багыталган мамлекеттик чыгымдар түз төлөмдөр (жөлөкпулдар), кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо жана үй-бүлө үчүн салыктык жүктү ылдыйлатуу аркылуу жүргүзүлөт. Социалдык модерназациялоодон өткөн өлкөлөрдүн тажрыйбалары аны жүзөгө ашыруунун ийгилиги түздөн-түз коомчулукта жана үй-бүлөдө гендердик теңчиликке жетишүү менен байланыштуу экендигин күбөлөндүрөт.

8. Дүйнөдөгү белгилүү тажрыйбаларда гендердик теңчиликке 4 мамиле бар:

1) «Гендердик интеграция» - саясый, жеке, жарандык жана башка коомчулуктун социалдык-экономикалык аспектилеринин баарын камтыйт. (Дания, Исландия, Норвегия, Швеция жана башкалар). Гендердик теңчилик принцибинин интергациясы теңчиликке болгон белгилүү бир көз караштар бардык чөйрөдөгү саясаттын бөлүгү болуп калаарын белгилейт. Гендердик теңчилик өзүнө бийликти

жана ресурстарды адилеттүү бөлүштүрүүнү, ошондой эле эркектер менен аялдардын аракеттери менен керектөөлөрүн тең баалоону камтыйт. Иш жүзүндө бул аялдардын укуктары, шарттары жана социалдык макамы эркектерге тиешелүү укуктар, шарттар жана макамга жараша каралышы керек деп эсептелет.

2) «Жынысына карабаган теңдештик» модели – теңсиздик адамдын жынысына карабай чектен чыгып, тең салмактуулукту калыбына келтириши керек болгон жаш курагы, жөндөмдүүлүгү, улуту жана башка категорияларды камтыйт (Улуу Британия).

3) «Тилектештик бирлиги» модели – «төмөнкү» (аялдар уюмдары жана коомчулуктары) жана «жогорку» - эл аралык статустар, каражаттар менен инвестициялар карата түзүлгөн жаңы модель. Бул модель мамлекет менен жарандык коомчулуктун ортосундагы социалдык өнөктөштүк аркылуу жана бул процесске бейөкмөт уюмдарды кеңери тартуу менен гендердик теңчиликке жетишүүнү сунуштайт.

4) «Кесилишүү модели» европа өлкөлөрүнө мүнөздүү (Бельгия, Франция). Ал аялдарга карата оң аракеттер (аялдарга болгон тигил же бул колдоолор) боюнча салт-санааларга негизделген саясат деп таанылат. Бул моделге үч өлкө Франция, Бельгия жана Испания кирет. Бул өлкөлөрдө аялдар үчүн балдарга билим берүү, аларды тарбиялоого байланыштуу баардык кызмат көрсөтүүлөр акысыз. Европа институттары боюнча айта турган болсок, маселен, Белгияда социалдык жактан көмөктөшүү боюнча 2 максатта мамлекеттик катчы кызматы киргизилген: эркектер менен аялдардын ортосундагы тең мүмкүнчүлүктөрдүн сакталышына көмөк көрсөтүү, ошондой эле бул маселелер боюнча өкмөттүк кеп-кеңештер. Алсак, Францияда Аялдар менен эркектер ортосундагы теңчилик маселелери боюнча жогорку кеңешме бар.

**III.** ТҮРКПАга МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ АЗЫРКЫ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДҮН МАДАНИЙ ЖАКТАН ОКШОШ ЖАКТАРЫ (гендердик маселелер боюнча колдонуудагы мыйзамдар)

## АЗЕРБАЙЖАН

9. Акыркы 100 жылдыкта Азербайжан аялдардын укуктарын коргоо иштери боюнча маанилүү натыйжаларга жетишти. Бул ийгиликтер БУУнун туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарды да камтыды.

10. 1918-жылы түзүлгөн Азербайжан Демократиялык Республикасы элин аял менен эркектин ортосундагы теңчилик менен камсыздай алды. Ошентип, Азербайжан баардык Чыгыш өлкөлөрүнүн ичинен аялдарга шайлоо жана шайлануу укугун берген биринчи өлкө болуп калды. Азербайжан аялдарынын үй-бүлөнүн бүтүндүүлүгүн коргоодо өзгөчөчө орду бар. Энелер- булар ар бир үй-

бүлөнүн негизи. Ар бир жаран бул жашоого келгени үчүн энелерге ыраазычылыгын билдириши керек. Азербайжан үй-бүлөлөрүндөгү тилдик фактор. Азербайжан эли – өз маданияты менен тилин урматтаган эл. Башка тилдердерде (англис, орус ж.б.), билим берүүлөргө карабастан, өлкөнүн ар бир жараны азербайжанча билет жана сүйлөй алат.

11. Азербайжандын үй-бүлөлүк каада-салттары абдан бай жана көп кырдуу: берилгендик, сүйүү, чынчылдык, аксакал адамдарга жана ата-энеге сый-урмат көрсөтүү сыяктуу сапаттар менен коштолот. Азербайжан эли үй-бүлө институту боюнча уникалдуу өрнөк боло алат. Ал эми ата менен баланын ортосундагы мамиле, улууга урмат жана башка асыл сапаттар сыяктуу негизги улуттук баалуулуктар эзелтеден бери эле азербайжан үй-бүлөлөрүндө сакталып келе жатат.

12. Азербайжан үй-бүлөсү улуттук-маданий баалуулуктар менен иденттүүлүктү (бирдейлик) жараткан коомчулуктун маанилүү көрсөткүчү. Тарыхта азербайжан үй-бүлөсү улуттук өнүгүүдө элдин жогорку нравалык баалуулуктарын коргоочу, генофондду алып жүрүүчү маанилүү ролду ойногон.

13. Бүгүнкү күндө азербайжан аялдары турмуштун баардык чөйрөсүнө: саясатта, экономикада, дипломатияда, маданиятта, аскер, гуманитардык жана өндүрүш кызматтарына жигердүү аралашып келе жатат.

14. Реформалар. 2017-жылдын февралында Президент Ильхам Алиевдин чечими менен Мехрибан Алиеваны биринчи-вице-президенттикке дайындоо, гендердик теңчиликти кошуп алганда, Азербайжан турмушунун баардык чөйрөсүндөгү ийгиликтүү реформалардын логикалык уландысы болуп эсептелинет.

15. 2012-жылы ишкер аялдардын саны 71 000 адамды түзсө, 2018-жылдын 1-январына карата алардын саны 174 000ге өскөн. Өлкөнүн ишкердик тармагына аялдардын үлүшү 17,4-28%га көбөйгөн. Мындай өсүү тенденциясы азыркы тапта өркүндөө жолунда.

16. 2004-жылы муниципиалдык секторлорго аялдардын шайланышы 4%ды түзгөн болсо, 2014-жылы бул көрсөткүч 35%га көтөрүлгөн. Алардын 28%ы жергиликтүү муниципиалдык башкармалыктардын төрайымдары.

17. Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин 20 мүчөсү – аялдар, бул парламенттин 17%ы деген сөз.

18. 2012-жылы жергиликтүү аткаруу бийлигинде 26 аял болсо, 2018-жылы 1 аял жергиликтүү башкаруу бутагынын жетекчиси, 78 аял жергиликтүү аткаруу бийлигинин башчысынын орун басары болгон.

19. Мыйзамдуулук. Азербайжан Республикасынын Конституциясынын 25-беренесине ылайык, мыйзам жана сот алдында баардыгы бирдей. Эркектер менен аялдар бирдей тең укуктар менен эркиндиктерге ээ. Мамлекет расасына, улутуна,

динине, ынанымына, тилине, жынысына, ата-тегине, материалдык абалына, иштеген кызматына, саясый партияларга, профсоюздарга жана башка коомдук бирикмелерге мүчөлүгүнө карабастан ар бир жаранга тең укуктуулук менен эркиндикке кепилдик берет. Расасына, улутуна, динине, ынанымына, тилине, жынысына, ата-тегине, материалдык абалына, иштеген кызматына, саясый партияларга, профсоюздарга жана башка коомдук бирикмелерге мүчөлүгүнө карап укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө тыюу салынган.

20. 2006-жылы Азербайжан Республикасынын «Гендердик теңчиликке кепилдик берүү жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган. Мыйзамда жыныс, гендердик теңчилик, тең мүмкүнчүлүктөр, гендердик басмырлоо жана сексуалдык зомбулук сыяктуу түшүнүктөр камтылган.

21. «Үй-бүлө жөнүндө», «Балдардын укуктары жөнүндө», «Майып балдарга жана алардын ден-соолугуна карата, алардын реабилитацияланышына чектөөлөрдү алдын алуу жана социалдык коргоо» жөнүндө, «Ата-энелигинин ажыраган балдарды социалдык жактан коргоо жөнүндө», «Ымыркайларды жана балдарды тамактандыруу жөнүндө», «Балдарды милдеттүү амбулатордук камсыздоо тууралуу» мыйзамдар, Бириккен улуттар уюмунун трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясы, «Адам сатуу, өзгөчө, аялдар менен балдарды сатууну алдын алуу  жана аларды жазалоо жөнүндө», «Мигранттардын кургак жерлер, деңиз, жана аба жолдору аркылуу мыйзамсыз чыгышы тууралуу протоколдорду ратификациялоо жөнүндө» мыйзамдар бар. Ошондой эле «Күйөөгө тийген аялдардын жарандуулугу жөнүндө», «Азербайжан Республикасында адамдын укуктары менен эркиндигин жөнгө салуу жөнүндө», «Улгайган адамдарды социалдык жактан тейлөө жөнүндө», «Никесиз төрөлгөн балдардын укуктук абалы жөнүндө» мыйзамдар кабыл алынды.

22. Азербайжан Республикасынын Кылмыш кодексинин 154-беренесине ылайык, расасына, улутуна, динине, ынанымына, тилине, жынысына, ата-тегине, материалдык абалына, иштеген кызматына, саясый партияларга, профсоюздарга жана башка коомдук бирикмелерге мүчөлүгүнө карап адам укуктары бузулса тиешелүү жактардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыгына зыян келтирүүгө теңештирилип бир миң манаттан эки миң манатка чейинки айыппул салынат же бир жылга чейинки түзөтүү иштерине мажбурлоо менен жазаланат.

23. Азербайжан Республикасынын Кылмыш кодексинин 176-1-беренесине ылайык, аялдарды никеге туруууга мажбурлоо эки миңден үч миң манатка чейин айыппул салуу каралган же 2 жыл эркиндигинен ажыратылат. Никелешүү жашына жете электерге ушундай эле мажбурлоо колдонгон жарандарга үч миңден төрт миң манатка чейин айыппул салынат же төрт жылга эркиндигинен ажыратылат.

24. 2010-жылы Азербайжан Республикасында «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун алдын алуу тууралуу» мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзамга ылайык

улуттук мыйзам чыгарууга үй-бүлөдөгү зомбулук; үй-бүлө зомбулугунун курмандыктары; физикалык зомбулук, психикалык зомбулук; үй-бүлөгө караштуу жерге, турак жайга экономикалык мыйзамсыз чектөөлөрдү колдонуу; турак жай берүү; сексуалдык зомбулуктун алдын алуу чараларынын тартибине байланыштуу жаңы концепциялар менен институттар түзүлгөн. Учурда бейөкмөт уюмдардын 10 приюту Бакыда, Гянджиде, Сумгаитте аккредиттелип, мамлекеттик бюджеттин эсебинен иштеп жатышат.

25. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча маалыматтар базасын жүргүзүүчү министрликтин мыйзамдарынын 1-беренесинин 1.2 пунктуна ылайык, маалыматтар банкы Азербайжан Республикасынын Үй-бүлө, аялдар жана балдар иштери боюнча мамлекеттик комитети тарабынан жүргүзүлүүдө. 1.3 пунктуна ылайык, үй-бүлөдөгү зомбулуктун курмандыктарына жардам берүүчү мамлекеттик органдар менен борборлор комитетке үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча маалымат берип туруулары зарыл. Бул максатта 2017-жылдын 4-октябрында Үй-бүлө, аялдар жана балдар иштери боюнча мамлекеттик комитети жана Бириккен Улуттар Уюмунун калктуу жайгаштыруу жаатындагы фонду үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча маалыматтардын электрондук базасын беришти. 11-октябрда «Азербайжандагы гендерлик зомбулукка каршы күрөш» долбоорунун алкагында зомбулук курмандыктары тууралуу электрондук маалыматтар базасын колдонуу боюнча тренинг өткөрүлгөн. Тренингге бул банкты колдонууга жооптуу кызмат адамдары катышкан (Бакынын, Сумгаиттин аткаруу органдары, министрликтер, көмөктөшүү борборлору, комитет кызматкерлери). 2018-жылдын 22-февралында Дашкесан, Агстафин, Товуз, Газах, Шамкир, Гадабай райондорунун кызмат адамдары үчүн үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу электрондук маалыматтар базасын колдонуу боюнча тренинг өткөрүлгөн. Маалыматтар банкындагы заявкалардын форуму үй-бүлө зомбулугуна барган адам менен анын курмандыгынын аты-жөнү, жынысы, туулган жылы, жарандыгы, жашаган дареги, иштеген жери, кесиби, билими жана үй-бүлөлүк абалы сыяктуу жеке маалыматтарды камтыйт. Мындан тышкары, маалыматтар базасында үй-бүлөлүк зомбулук, анын билдирүүчүсү, зомбулуктун түрү, рецидив жана иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча да маалыматтар камтылат. Буга байланыштуу укук коргоо органдарынын кызмат адамдары, адвокаттар, көмөк көрсөтүү борборлорунун өкүлдөрү, сот системасынын, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү жана башкалар жогорудагы электрондук маалыматтар базасын колдонуу боюнча даярдыктан өткөндүктөрүн билдирип кеткибиз келет.

26. 90-жылдары Азербайжан үй-бүлөнү бекемдөө, аялдар менен балдардын укуктарын коргоо боюнча эл аралык конвенцияларга кошулуп, тиешелүү мыйзамдарды кабыл алган. Мындан тышкары, өлкө Эл аралык эмгекти уюштуруу уюмунун «Үй-бүлөгө жоопкерчиликтүү болуп саналган аял менен эркекке бирдей мүмкүнчүлүктөр» деп аталган №156 сунушуна, БУУнун «Аялдарды дискриминациялоонун бардык формаларын жоюу тууралуу», «Балдардын

укуктарын коргоо тууралуу», «Баланы башка өлкөгө өткөрүп багып алуудагы кызматташтык жана бул учурда балдардын укуктары тууралуу», «Айыл чарба кызматкерлеринин минималдык жаш курагы тууралуу», «Балдарды иштетүүнүн эң терс формаларына тыюу салуу жана жоюу тууралуу» конвенцияларына жана башка эл аралык ченемдик актыларга кошулган.

27. Азербайжан Республикасынын Үй-бүлөлүк кодекси үй-бүлөнү куруунун жана аны бекемдөөнүн ченемдерин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттерин, мамлекеттик органдардын бул жаатагы милдеттерин, ошондой эле жарандык абалды жана жарандык укуктарды мамлекеттик каттоо эрежелерин да аныктайт.

28. 2011-жылдан тартып гендерлик теңчилик принцибине ылайык, Үй-бүлөлүк кодексте кыздардын турмушка чыгуу жаш курагы 17ден 18ке жогорулатылды.

29. Азербайжан Республикасынын 2014-жылдын 17-октябрындагы № 1080-IVQD «Азербайжан Республикасынын Үй-бүлөлүк кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамына ылайык, 2015-жылдын 1-январынан тартып турмуш курууну каалаган жарандарды медициналык милдеттүү күбөлөндүрүү талабы күчүнө кирди. Турмуш курууну каалаган жарандар каттоодо турган медициналык мекемелерден акысыз медициналык милдеттүү күбөлөндүрүүдөн өтө алышат.

30. Мекемелер. Азербайжан Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 6-февралдагы Жарлыгы менен Азербайжан Республикасынын Үй-бүлө, аялдар жана балдар иштери боюнча мамлекеттик комитети түзүлүп, анын төрайымы катары Хижран Гусейнова дайындалган. Үй-бүлө, аялдар жана балдар иштери боюнча мамлекеттик комитети аткаруу бийлигинин үй-бүлө, аялдар жана балдар менен иш алпаруу жаатында мамлекеттик саясатын жүргүзүүчү борбордук орган болуп саналат. Азербайжан гендерлик маалымат борбору (АГМБ) 2002-жылы «Ачык коом» фонду тарабынан таанылган. АГМБдин курамына аялдардын бир нече уюмдары кирет: Бүгүнкү социалдык процесстерди иликтөө борбору, Аялдардын чыгармачыл союзу, Азербайжанды техникалык-уюштуруучулук жактан өнүктүрүү ассоциациясы, ошондой эле Мингячевирдеги Жаштар жана аялдар борбору, «Худат» жаштар программаларын өнүктүрүү борбору.

31. 2018-жылы Үй-бүлө, аялдар жана балдар иштери боюнча мамлекеттик комитети Нефтчалиндеги Аялдардын ресурстук борборунда аялдардын бизнес-инкубаторунун түзүлүшүнө арнап, аймактардагы аялдар кабылып жаткан экономикалык зордук-зомбулуктун алдын алууга, аладын финансылык сабаттуулугун арттырууга, бизнес-пландарды түзүүгө, аялдардын ишкерлигин бекемдөөгө, ошондой эле 4-берененин (аялдардын бизнес-инкубаторлорун түзүү боюнча иш-чаралар), 4.4.3-беренесинин (аялдардын бизнес-инкубаторлорун

түзүү), 4.4-беренелеринин (аялдардын ишкерлигин өнүктүрүү) аткарылышына багытталган иш-чараны өткөрдү.

32. Өлкөдө иш алпарган көптөгөн бейөкмөт уюмдардын 300гө жакыны гендердик теңчилик жана аялдардын коомдогу укуктарын коргоо жаатында иштеп келишет.

## КАЗАКСТАН

33**.** Казакстан 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча, Дүйнөлүк экономикалык форумдун (ДЭФ) гендердик теңчилик индексинде 149 өлкөнүн ичинен 60-орунга ээ болгон. "Экономикалык катышуу жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрү" деген көрсөткүч боюнча - 32, «билим деңгээли" боюнча – 30-орун, «ден соолук» индекси боюнча 42-орун, «саясый жактан илгерилөө» боюнча 94-орунга ээ болду. Бүгүнкү күндө жогорку өкүлчүлүк органы болгон парламентте 34 аял бар. Ал депутаттарынын жалпы санынын 22% ын түзөт. Жергиликтүү өкүлчүлүк органдарындын (маслихаттарда) бардык баскычтарында аялдардын үлүшү депутаттардын жалпы санынын 30%дык деңгээлине жетти. Өлкө экономикасынын корпоративдик секторунун каржы бөлүмдөрүндө аялдардын жетекчилик позициясындагы өкүлдөрү 30%дык чектен ашкан.

34. Казак көчмөнчүлүк коомундагы аялдардын тарыхый жагдайы менен орду көбүнесе көчмөн чарба менен аялдардын турмуштагы орду жөнүндө көчмөн түшүнүк менен аныкталган. Казак элиндеги уламыштарда жана жомоктордо аялдардын образы алтын эне, Мекен коргоочу жоокер, кеменгер мамлекет башчысы болуп келгендиги менен сакталып калды. Айдан ачык талаанын эч кандай табигый коргоочусу жок. Ачык талаада жашап кетүү үчүн адамга болгон сый-урмат зарыл, бирок, эң алды менен социалдык жактан уюшкандык, кызматташтык жана командалык иш талап кылат. Казак коомунда бекем үй-бүлөлүк байланыштар бүгүнкү күндө дагы сакталып калган. Казак аялдар кеңешмелер менен жыйналыштарда болуп, ыр ырдап, оюндар жана айтыштарга катышкан. Ошол эле учурда казак үй-бүлөсүнүн башчысы эр-азамат болгон. Ал үй-бүлөнүн коргоочу жана асыроочусу кызматын бирдей аткарган. Аял болсо үй чарбачылыгы, балдарды табиялоо менен эле чектелбестен, өз жарынын шериги, кеңешчиси болгон. Казак коомчулугу моногамияны тутунган. Тарыхта көп аял алуу кездешип келген. Бирок ал бир гана бай адамдардын колунан келген. (Г. Мендыкулова жана Е. Надежук, 2017, Агартуу: Колониалдуу Казасктан, Дж. Джозеф (ред.), Аялдардын жана ислам маданиятынын энциклопедиясы).

35. Азыркы учурда Казакстанда үй-бүлө институту өзгөрдү. Элдик салт-санаалардын, үрп-адаттардын жана ритуалдардын көптөгөн элементтери кайра башкача өзгөрүп, жөнөкөйлөштүрүлгөн, ал эми айрымдары болсо таптакыр жок болуп кеткен. Окумуштуулардын комментарийлерине ылайык, казак үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелеринде принципиалдуу өзгөрүүлөр болуп

жатат. Иш жүзүндө келиндин келиндин кайнатасы, айрыкча, кайнене үй иштеринде, балдарды тарбиялоодо мүмкүн болушунча жардамдашып, кызынын (келининин) өзүн-өзү көрсөтүшү үчүн кадимки шарттарды түзүүдө. Бүгүнкү күндөгү казак үй-бүлөсүндө күйөөсү менен аялынын өз ара мамилеси сүйүүгө, сыйга, жардамдашууга жана колдоого негизделген. Никедеги башкы шарт – бул ыктыярдуулук, бири-бирине болгон жылуу сезим жана эки жаштын көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүсү. Никелешүүдө калың институту бүгүнкү күндө жокко чыгарылган. Бирок келинге сеп берүү сакталып калган. Ошентсе да бүгүнкү сеп өз максатына багытталышы менен олуттуу түрдө айырмаланып, келиндин ата-энеси тарабынан жаш үй-бүлөгө бир жолку материалдык-экономикалык жардам иретинде, бирге турмуш курган үй-бүлөнүн кызыкчылыгы үчүн кызмат кылат.

36. Казакстан БУУнун принциптерди жөнгө салуучу тиешелүү документтерине «Казакстан - 2050» стратегиясы, «Беш институционалдык реформанын ишке ашыруу үчүн 100 конкретүү кадам» улуттук планы», Мамлекет башчысынын беш социалдык демилгеси жана «Руханижангыру» белгиленген артыкчылыктар менен элдин максаттары төп келгендиктен, Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарын колдоого алат.

37. 2018-жылдын 28-июнунда Мамлекет башчысы – Казакстан Республикасынын биринчи Президент Нурсултан Назарбаев «Руханижангыру» программасында салт-санаа менен баалуулуктардын ролун баса белгилеген. Бул программанын алкагында, бүгүнкү суверендүү Казакстан өзүнүн улуттук кайра жаралуу доорун башынан өткөрүүдө. 70 жылдык совет мезгилинде Казакстан салт-санаалар менен «өткөндүн калдыгы » катары күрөшүп келген.

Ошентсе да бир дагы коомдук-саясый процесс этникалык индивидуалдуулук жана казак элинин улуттук менталитетин басып өтө алган жок. Буга байланыштуу улуттун тарыхына, анын улуттук- маданий тамырларына оң мамиле кылуу ажырашуулар, никеге турбагандардын арбышы жана балдардын төрөлүүсүнүн азайышы, нике жана үй-бүлө жаатындагы бүгүнкү коомчулуктун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө кызмат кылат.

38. Казактарда экзогамиялык барьер негизинен жетинчи муун менен чектелген жана үй-бүлө генетикасына оң таасирин берип келүүдө. Жалпысынан казак элинин бүгүнкү үй-бүлөлүк турмушу, окумуштуулардын пикиринде, элдин көптөгөн кылымдардан берки тажрыйбасы менен салт-санааларынын баардык жакшы жактарын өзүнө сиңирип алган. Ошол эле маалда революцияга чейинки турмуштан сапаты жагынан айырмаланып турат. Бул казак улутунун социалдык-экономикалык, коомдук-саясый жана маданий турмушундагы фундаменталдык өзгөрүүлөрүндө ачык көрүнүп турат. Бул көрүнүш Казакстанда эркектер менен аялдарынын ой жүгүртүүсүн жана алардын мамилесин аябай өзгөрттү. Элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын жана ритуалдардын көптөгөн элементтери кайра өзгөртүлүп, жөнөкөйлөштүрүлгөн, ал эми айрымдары биротоло жоголду.

39.Мыйзамдуулук. Казакстан Республикасынын Конституциясы, ратификацияланган эл аралык келишимдер, Нике жана үй-бүлө жөнүндө кодекс, «Эркектер менен аялдардын тең укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүнө мамлекеттик кепилдиктер» жана «Үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуу жөнүндө» мыйзамдар. 2005-жылы Казакстан Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен 2006-2016-жылга карата гендердик теңчилик стратегиясы бекитилип, ишке ашырыла баштаган. 2016-жылы 2030-жылга карата Казакстан Республикасындагы үй-бүлөлүк-гендердик саясат концепциясы кабыл алынып, жүзөгө ашырыла баштаган. Жаңы документте коомчулуктун маанилүү тармагы катары үй-бүлө саясаты, анын ичинде үй-бүлө баалуулуктарын сапаттуу муунду сактоо жана өнүктүрүү, үй-бүлө маданиятын өстүрүү жана башка маселелер белгиленген.

40. Казакстан аялдардын укугу жана гендердик теңчилик жаатындагы адам укуктары боюнча төмөнкүдөй негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу болуп калды: Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин Пекин платформасы (1995-ж.), БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө (1998-ж.), Аялдардын саясий укуктары жөнүндө (2000-ж.), Аялдардын жарандыгы жөнүндө (2000-ж.) конвенциялары, МОТтун №151 Бирдей иш үчүн эркектер менен аялдардын эмгегине бирдей төлөм жөнүндө конвенциясы (2000-ж.), Басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциянын Аялдарга карата басымырлоонун бардык формалары боюнча факультативдик протоколу (2001-ж.), үчмиң жылдыкка адамзатты өнүктүрүүнүн негизги максаттарынын бири катары аныкталган аялдардын укуктарын колдоо жана алардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү белгиленген, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү тарабынан ратификацияланган Миңжылдык декларациясы (2000-ж.)

41. Колдонуудагы стратегиялык жана программалык документтер:

- 2016-жылдын 1-мартындагы Казакстан Республикасынын Президентинин №205 «Казакстан Республикасынын илим жана билим берүү системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү тууралуу» Жарлыгы.

- 2016-жылдын 15-мартындагы Казакстан Республикасынын Президентинин №176 «Казакстан Республикасынын саламаттык сактоо системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү тууралуу» Жарлыгы.

- 2013-жылдын 23-сентябрындагы Казакстан Республикасынын Президлентинин №648 «2013-2017-жылдарга карата Казакстан Республикасында диний экстремизм жана терроризмге каршы аракет боюнча мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө» Жарлыгы

- 2014-жылдын 1-августундагы Казакстан Республикасынын Президентинин №874 «2015-2019-жылдарга карата Казакстан Республикасын индустриалдык-

инновациялык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү тууралуу» Жарлыгы.

- 2011-жылдын 29-июнундагы Казакстан Республикасынын Президентинин № 110 «2011-2020-жылдарга карата Казакстан Республикасында тилдерди өнүктүрүү жана колдонуунун мамлекеттик программасын бекитүү тууралуу» Жарлыгы.

**42. Гендердик теңчилик жана үй-бүлөнү коргоо жөнүндө улуттук мыйзамдар. Негизгилери:**

1) Казакстан Республикасынын Башмыйзам.

2) "Казакстан Республикасынын" Нике жана үй-бүлө жөнүндө кодекси.

3) Казакстан Республикасынын Эмгек кодекси.

4) Казакстан Республикасынын Бюджеттик кодекси.

5) Казакстан Республикасынын "Саламаттыкты сактоо системасы жөнүндө» кодекси.

6) Казакстан Республикасынын « Эркектер менен аялдар үчүн тең укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө» мыйзамы.

7) Казакстан Республикасынын "Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукту алдын алуу жөнүндө» мыйзамы.

8) Казакстан Республикасынын " Үй-бүлөдөгү зомбулук менен күрөшүү жөнүндө Казакстан Республикасынын айрым мыйзам акытларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзамы.

9) "Казакстан Республикасынын «Минималдуу социалдык стандарттар жана алардын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамы.

10) Казакстан Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы.

11) Казакстан Республикасынын «Мамлекеттик билим берүү-аманат тутуму жөнүндө» мыйзамы.

12) Казакстан Республикасынын «Мамлекеттик билим берүү-аманат тутуму жөнүндө» мыйзамы.

14) Казакстан Республикасынын «Казакстан Республикасындагы баланын укуктары жөнүндө мыйзамы.

14) Казакстан Республикасынын «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» мыйзамы

15) Казакстан Республикасынын "Маданият жөнүндө" мыйзамы.

16) Казакстан Республикасынын "Иш менен камсыз кылуу жөнүндө"мыйзамы.

17) Казакстан Республикасынын "Пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө» мыйзамы.

18) Казакстан Республикасынын «Майыптык макамы боюнча мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө" мыйзамы.

19) Казакстан Республикасынын «Атайын мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө» мыйзамы.

20) Казакстан Республикасынын «Көп балалуу үй-бүлөлөргө мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» мыйзамы.

21) Казакстан Республикасынын «Даректүү мамлекеттик социалдык жардамдар жөнүндө" мыйзамы.

22) Казакстан Республикасынын «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу жөнүндө» мыйзамы.

23) Казакстан Республикасынын «Атайын социалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө"мыйзамы;

24) Казакстан Республикасынын «Майыптардые социалдык жактан коргоо жөнүндө» мыйзамы.

25) Казакстан Республикасынын «Майып балдарды социалдык, медициналык жана билим берүү жагынан колдоо жөнүндө» мыйзамы.

**43.** Өкмөт энелер жана балдарды колдоо боюнча мамлекеттик программаларды жүзөгө ашырат.

44. Казакстан Республикасында 2030-жылга карата Үй-бүлө жана гендердик саясат боюнча концепцияны иштеп чыгууда белсемдүү иштер жүргүзүлөт. Казакстандык ыкма, мамиле үй-бүлөлөрдүн өзүн-өзү өнүктүрүүсүн жана үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчиликке жетишүүнү кеңейтүү жолу аркылуу татаал кырдаалдарды ашып өтүүдө мамлекеттин жөндөмдүүлүгүн болжолдойт. Эмгек мамилелеринде эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуу мамилелерди бир эле мамлекеттик деңгээлде эмес, жеке үй-бүлөлөрдө дагы түзүү зарыл болгон шарттар болуп саналат.

45. Ошентсе да, казак үй-бүлөсүндө гендердик стреотип күйөөлөрдүн артыкчылыктарына колдоо көрсөтөт. Бул жагдайда ата-эненин экөө тең балдарынын тарбия алуусуна жоопкерчиликтүү болушу керек. Ошол эле маалда маданий салт-санаалар менен руханий баалуулуктарды, анын ичинде этномадний жактан бирдейликти сактоо маанилүү. Ошентип, үй-бүлө аял менен эркектин теңчилигине жана каржылык бакубатчылыкка жооптуу болот. Ошондой эле үй-бүлө өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн сактоону дагы мойнуна алат. Бул бир гана аялдар үчүн эмес, эркектер үчүн дагы (өзгөчө балдарын жалгызбой тарбиялап жаткан эркектер үчүн ) маанилүү.

46. *Казак үй-бүлөсүндө тил.* Бүгүнкү казак үй-бүлөлөрүндөгү энелер балдары менен эки тилде (казак жана орус тилдеринде) сүйлөшөт. Ал эми жаңы муундабул жагдай жакшырууда. Жаштар бүгүнкү күндө казак, орус, англис болуп үч тилде сүйлөшүүгө өтүүдө. Жаш казак жигиттери менен кыздары 21-кылымдагы маданий артыкчылыкта өздөрүн ыңгайлуу сезишет.

47. Казакстанда эрезеге жете электер арасында өз жанын кыйгандардын саны көп. Мындай көрүнүшкө дыкат талдоо жүргүзүү- башкы максат. Үй-бүлө балдарга болгон зордук-зомбулукту токтотууда маанилүү ролду ойношу абзел.

48. МЕКЕМЕЛЕР. 1995-жылы тарыхый чечим кабыл алынып, Казакстан Республикасынын Президентинин алдында Үй-бүлө иштери, аялдар жана демографиялык саясат боюнча кеңеш түзүлгөн. 1998-жылы мамлекет башчысынын Жарлыгы менен аталган кеңеш Казакстан Республикасынын Президентинин алдындагы Үй-бүлө иштери жана аялдар боюнча улуттук комиссия болуп кайрадан түзүлгөн. 1999-жылдын 4-мартында комиссиянын биринчи курамы бекитилип, анын ыйгарым укуктары мурдагы кеңештикине караганда бир топ кеңейтилген. Ал эми 2008-жылы комиссияга «үй-бүлөлүк-демографиялык сачсат» термини киргизилген. Аталган улуттук комиссия башынан бери эле Өкмөт менен баардык социалдык-саясый, социалык-экономикалык маселелер боюнча тыгыз кызматташып келет.

## КЫРГЫЗСТАН

49. Кыргызстан Борбор Азияда биринчи болуп парламенттик демократияны өнүктүрүүгө бет алып, парламентаризм принциптерин курууга жана өлкөдө демократияны өнүктүрүүгө бардык күч-аракетин жумшоодо. Кыргызстан калкы Кыргызстандын бул региондогу биринчи жана жападан жалгыз өлкө катары жогорудагыдай  тарыхый бурулушту башынан кечирип жаткандыгына күбө болуу менен сыймыктана алат.

50. БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясынын 59-сессиясында Кыргыз Республикасы 2015-жылдан кийинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатынынын күн деминдеги өнүктүрүүнүн алдыңкы артыкчылыктарынын бири катары аныкталган гендердик теңчиликти колдой тургандыгын билдирди.

51. Кыргызстан 50дөн ашуун эл аралык, анын ичине, Аялдарга карата баардык басмырлоонун түрлөрүн жок кылуу жөнүндө конвенция (CEDAW), Пекин аракеттер платформасы, Миңжылдыктын өнүктүрүү максаттары (МӨМ) жана жардамдын натыйжалуулугу тууралуу Париж декларациясы камтылган пактыларды ратификациялаган. Кыргызстанда гендердик теңчиликке кепилдик берген кеңири мыйзам базасы бар. Жарандык, Кылмыш, Эмгек жана Үй-бүлө кодекстеринде эркектер менен аялдар үчүн тең укуктар белгиленген. Кыргызстанда 2013-жылы Президенттин Аппараты тарабынан сунушталган 2013-2017-жылдарга карата туруктуу өнүктүрүү боюнча «жол картасы» бекитилген. Бул кадамдар гендердик теңчилик менен камсыздоо боюнча алгачкы узак мөөнөттүү инновациялык стратегияны (2012-2020-жылдарга карата) күчтөнтөт.

52. 2013-жылы февралда БУУнун Борбор Азиядагы превентивдүү дипломатия боюнча аймактык борборунун Европа Коопсуздук жана Кызматташуу Уюмунун (ЕККУ) активдүү колдоосу менен Кыргызстан БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325-резалюциясы боюнча пландын улуттук акциясын кабыл алган. Ал БУУнун Коопсуздук Кеңешинин алты (1820, 1888, 1889, 1960, 2106 жана 2122) колдоого

алуучу резалюциясы менен биргеликте БУУнун аялдардын укуктарына карата милдеттенмелеринин серияларынын бөлүгү болуп саналат. Бул программалык документтер Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жаңы мамилелерди сунуштайт.

53. Кыргызстандын Конституциясында Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ деген эреже бекитилген.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык саясий партия талапкерлердин тизмесин түзүүдө алардын 70%дан ашыгы бир жыныстуу болбошу керектигин эске алууга милдеттүү. Муну менен катар саясий партиялар көрсөткөн талапкерлердин тизмесинде аялдар менен эркектердин кезеги үч позициядан ашпоосу керек;

Кыргызстанда айрым мамлекеттик органдарда аялдар менен эркектердин тең салмактуулугун (бир жыныстагы адамдар 70% ашпоосу керек) камсыздоодо атайын чаралар көрүлгөн: ЖК депутаттарынын, БШКнын, шаардык кеңештердин депутаттарынын, Эсеп палатасынын аудиторлорунун, Жогорку Сот судъяларынын, Жогорку Соттун Конституциялык палатасынын судъяларынын, Акыйкатчы орун басарларынын курамы жогорудагы эрежеге негизделип түзүлөт.

Кыргыз Республикасындагы аялдарга карата жасалган зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында кеңири иш-аракеттер жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Гендердик теңчиликке жетишүүнүн улуттук планындагы маанилүү багыттарынын бири болуп аялдарга жасалган зомбулукту азайтуу иштери саналат.

Мыйзам базасын өркүндөтүү үчүн чаралар кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоп калуу тууралуу» Мыйзамынын экинчи редакциясы кабыл алынып, зомбулуктун ар кандай түрлөрүнүн жайылыш масштабдарын аныктап чыгуу жана кабыл алынган чаралардын натыйжалуулугун баалоо үчүн изилдөөлөр жүргүзүлгөн; статистикалык отчеттуулуктун жаңы формалары иштелип чыккан; ЖМК беттеринде маалымат берүүчү материалдардын сериялары жарыяланган; документалдуу фильмдер тартылып, ондогон радио жана телекөрсөтүүлөр даярдалган; сот системасынын, укук коргоо мекемелеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин жана башка топтордогу адамдар арасындагы гендердик теңсиздик маселеси боюнча маалымдарлыкты арттыруу үчүн бир катар маалымат берүүчү иш-чаралар өткөрүлгөн; зомбулуктун курмандыктары менен иш жүргүзүү жана көйгөйдүн алдын алуу иштери боюнча буклеттер, окуу жана усулдук куралдар иштелип чыгып, жарыяланган; бир катар кризистик борборлорго баш калкалоочу жай бөлүнүп берилип, коммуналдык

кызматтардын акысын төлөөдө жеңилдиктер берилген; зомбулуктун курмандыктарына иш жүзүндө жардам берилген ж.б.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттыкты сактоо боюнча комитетинде адам сатуу менен күрөшүүгө байланыштуу мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөчү жумушчу топ иштейт. Жыл сайын «Адам сатуунун алдын алуу жана аны менен күрөшүү тууралуу» Мыйзамга мониторинг жүргүзүлөт. Мониторингдин жыйынтыктарына ылайык Өкмөткө адам сатуунун курмандыктарын идентификациялоо жана кайра кайтаруу механизмдерин иштеп чыгуу тапшырылган.

54. Гендердик теңчиликтин маанилүүлүгүн аңдап-билүү менен Кыргызстан эгемендик жылдарында аялдардын укуктарын коргоо боюнча бир катар негизги эл аралык документтерди ратификациялады. Ратификациялоо процесси аялдардын абалын жакшыртуу максатында эл аралык укуктардын улуттук мыйзамдарга камтылышынын негизи болуп калды.

55. Өзүнүн эл аралык жана улуттук милдеттемелерин сактоо менен Кыргызстан БУУнун Аялдарга карата баардык басмырлоонун түрлөрүн жок кылуу боюнча комитетине Аялдарга карата баардык басмырлоонун түрлөрүн жок кылуу жөнүндө конвенцияны (CEDAW) жүзөгө ашырылышы жөнүндө баяндамаларды мезгил-мезгили менен берүүдө. 2015-жылы февралда төртүнчү баяндамасын ийгиликтүү коргой алды.

56. БУУнун аталган комитети мамлекеттин төртүнчү мезгилдүү баяндамасын бергендигин жогору баалады. Ошондой эле БУУнун аталган комитети 2008-жылы үчүнчү мезгилдүү баяндаманы кароодон кийин Кыргызстанда мыйзам чыгаруу реформасы боюнча жетишилген прогрессти кубаттоого алды.

57. Гендердик теңчиликке жетүүнүн 2015-2017-жылдарга карата түзүлгөн улуттук планына Аялдарга карата жасалган дискриминациянын бардык формаларын жоюу боюнча комитеттин сунуштарын камтуу менен жашы жетелектердин үй-бүлө куруу практикаларынын тамырын кыркуу чарасы менен биргеликте аялдар менен кыздарга карата жасалган зомбулукка каршы көрүлүүчү 70% чара камтылган.

58. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 19-апрелиндеги №123 баяндамасына карата БУУнун Аялдарга карата жасалган дискриминациянын бардык формаларын жоюу тууралуу конвенция боюнча комитетинин жыйынтыктоочу сунуштарын ишке ашыруу планын бекитүү тууралуу буйругу чыккан.

59. Келечекте прогрессти жактоочу болуп калуу менен Кыргыз Республикасы 2012-жылы биринчи ирет узак мөөнөттүү документти – 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүүнүн улуттук стратегиясын кабыл алды. Анда экономикада аялдарды өнүктүрүү, кыздар менен аялдар үчүн билим берүү

белгиленип, акыйкатка жана саясый теңчиликке жетишүү аныкталган. Ошондой эле Кыргыз Республикасы 2013-жылы аялдардын тынчтык менен коопсуздукту камсыздоодогу ролун жогорулатуу үчүн БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325-резалюциясын аткаруу боюнча Иш-аракеттердин улуттук планын бекитти.

60. Мыйзамдуулукту өркүндөтүү маселесине келгенде Кыргызстан Борбордук Азия регионунда биринчи өлкө экенин бегилей кетүү керек. Анткени кыргыз парламенти «Эркектер менен аялдар үчүн тең укуктарга жана бирдей мүмкүнчүлүктөргө мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» мыйзамды (2003-жылы андан кийин түзөтүүлөр киргизилген вариантта 2008-жылдын августунда) жана «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо жөнүндө» (2003-жылы андан кийин түзөтүү киргизилген вариантта 2017-жылы) мыйзамды кабыл алган. «Кыргыз Республикасынын «Ченемдик-укуктук актылар жөнүндө» мыйзамдын 20-беренесинде беш милдеттүү түрдө өтүүчү экспертиза, анын ичинде гендердик экспертиза дагы каралган.

61. Мыйзамдарда нике менен үй-бүлөнү коргоого багытталган комплекстүү чараларды, анын ичинде, никеге туруу шарттары так аныкталган: никеге турууга жаш курагынын жетүүсү, жарандардын (аял менен эркектин) өз ыктыярлары менен макулдук берүүсү жана мамлекет тарабынан милдеттүү түрдө каттоо, убактылуу атайын чаралардын тизмегин кеңейтүү (бир гана парламенттик шайлоолордо эмес, бир катар мамлекеттик органдарда, ошондой эле шаардык кеңештин депутаттарын шайлоодо) чаралары белгиленген.

62. Эркектер менен аялдардын негизги укуктары менен кызыкчылыктары төмөнкү тармактык мыйзамдарда берилген: 1) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде, 2) Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде, 3) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде, 4) Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинде, 5) Кыргыз Республикасынын «Эркектер менен аялдар үчүн тең укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөргө мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» мыйзамында, 6) Кыргыз Республикаснын «Мамлекеттик жөлөкпулдары жөнүндө» мыйзамында, 7) «Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын коргоо жөнүндө» мыйзамында, 8) Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо жөнүндө» мыйзамында.

63. Бүгүнкү күндө Кыргызстан парламентинин 120 депутатынын 19у гана аялдардан, бул 15,8%ды түзөт. Чакырылыштын башында парламентте 26 аял (21%) болгон, бирок мыйзамга ылайык бул квота 30%дан кем болбошу керек эле. Өкмөттүн 22 мүчөсүнүн үчөө аял (13,6%).

64. Ошол эле маалда жакшы иштелип чыккан гендердик мыйзамдарга карабастан, чыныгы теңчиликке жетүү көйгөй бойдон калууда. Аялдардын саясый турмушка катышуу көрсөткүчү, тагыраак айтканда, аялзатынын өкүлдөрүнүн чечим кабыл алуу процесстерине катышуусу буга ачык мисал болууда.

65. Аялдарга карата жасалган дискриминациянын бардык формаларын жоюу конвенциясы боюнча комитеттин жыйынтыктоочу сунуштарында камтылган эркек менен аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу орду жана милдеттери жөнүндөгү стереотиптер менен патриархалдык түшүнүктөргө байланыштуу кооптонуусун эске алуу менен Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги Улуттук статистикалык комитет менен биргеликте 2016-жылы гендерлик саясатты жана программаларды ишке ашыруунун далилдүү базасын калыптандыруу максатында БУУ-Аялдар, БУУнун Калкты жайгаштыруу жаатындагы фонду жана Миграция боюнча эл аралык комитеттин биргелешкен программасынын алкагында өткөрүлгөн «Гендер коомдун кабыл алуусунда» аталышындагы жалпы улуттук иликтөөнү жүргүзүүгө катышышты.

Кыргыз Республикасы кыз ала качуу жана эрте турмуш куруу менен күрөшүүнүн укуктук негиздерин өркүндөтүү боюнча кийинки чараларды кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 2013-жылы кабыл алынган «Жашы он жетиге жетелек адамды үй-бүлө курууга мажбурлоо тууралуу» 154-беренесине жана «Аялды үй-бүлө курууга мажбурлоо, үй-бүлө куруу үчүн ала качуу же үй-бүлө курушуна тоскоол болуу» тууралуу 155-беренесине жазаны күчөтүү максатында толуктоолор киргизилген. 2016-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзам кабыл алынган (Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексине, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине).

66. Башка өлкөлөрдүн тажрыйбалары көрсөткөндөй, чечим кабыл алуу процессине аялдардын катышуусу жана алардын саясый турмушка аралашуусу аялдардын укуктарын коргоо жана гендердик теңчилик идеясын алга жылдыруу маселелеринде маанилүү рычаг болуп саналат.

67. Кыргыз үй-бүлөлөрү, эрежеге ылайык, үч муундан турат. Үйлөнгөн балдары ата-энелери менен турат. Салт-санаадан улам, үйдүн кичүү уулу ата-энесин бага баштаган маалда үйдө чоң эне, чоң ата, өз ата-энеси жана балдары болот. Кыздар күйөөгө чыкканга чейин ата-энеси менен жашайт. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө үч же андан көп бала, ал эми айыл жергелеринде андан да чоң үй-бүлөлөр бар. Чоң үй-бүлөлөрдүн балдары жакын туугандарына барып, алар менен бирге бир нече айлап жашай берет.

68. Кыргыз Республикасында баланын киндигин өз алдынча кесишпейт, бул процесс, негизинен, медициналык мекемелерде жасалат. Баланын туулганына 40 күн толгучакты кандайдыр бир ооруну жугузуп албоо, бала менен эненин тынчтыгын камсыздоо максатында үйгө мейман чакырууга тыюу салынат. Балага ат коюу милдети чоң ата менен чоң апаларына же өз ата-энесине жүктөлөт, бирок муну шаан-шөкөткө айландырып жиберүүгө болбойт. Мал Курман айтта гана

союлат. Колунда бар адамдар гана союшат. Үйлөнүү үлпөт тоюн дээрлик бардык кыргыздар өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өткөрүшөт.

69. Кыргыз аялдары башка мусульман өлкөлөрүнүн аялдарына караганда жогорку макамга ээ болуп, чоң сый-урматка татыйт. Кыргыз аялдары кыргыз салттарына ылайык, Өзбекстан жана Тажикстан сыяктуу Борбор Азия өлкөлөрүнүн аялдарына салыштырмалуу өздөрүнүн жүрүм-турумдарында жана кийим-кечесинде азыраак консервативдүү (эски көз караштан алысыраак). Кыргыз аялдары демейде чүмбөт кийбейт жана тууган болбогон эркектер менен сүйлөшүүдөн качпайт. Аларга эркектер менен бирге эле ибадат кылууга уруксат берилген. Кыргыз аялдары көз карандысыз, күчтүү жана кеңеш берүүгө жөндөмдүү деп эсептелинет. Кыргыздарда баатыр аялдар жөнүндө дагы легендалар бар. Кыргызстандын тарыхында жана легендаларында 3 көрүнүктүү аял – Каныкей, легендарлуу Манас баатырдын аялы, Курманжан Датка, 19-кылымдын аягында кыргыздар менен орустардын ортосунда алгачкы келишимге кол койгон кыргыз лидери жана Жаңыл Мырза, 16-кылымдагы баатыр-аял бар.

70. Теориялык жактан алганда Кыргызстанда адамдын жана аялдардын укуктарына карата прогрессивдүү укуктук база бар. Кыргызстанда никеге турган аялдардын орточо жаш курагы 22 жашты түзөт. Ал эми жашы жете электер менен никеге тургандар диний, расмий эмес никелерде кездешет. Мындан сырткары, ала качуу аркылуу мажбурлар никеге тургузуу мыйзамга каршы келсе дагы кеңири жайылган бойдон калууда. Ала качылган же үйүндө зордук-зомбулукка кабылган аялдар үчүн кедейчилик жана экономикалык туруксуздук кадимки көрүнүш болуп саналууда. Бул себептен улам алардын көпчүлүгү ала качкан жеринен кетпөөнү туура көрүшөт. Аларды үй-бүлөлөрү жана мамлекеттик органдар кылмышкер менен элдештирүүгө аракет кылышат. Аялдардын жардылыгы жана аялдар арасындагы жумушсуздуктун күч алышы аялдардын жергиликтүү жана улуттук саясатка чектелип катышуусун белгилейт. Бул прогрессивдүү укуктук базага карабастан, өзгөчө,регионду жана анын тарыхын эске алуу менен, аялдардын аялуу абалына байланыштуу маселелерде иш жүзүндө саясатчылар үчүн өтө төмөнкү артыкчылык болуп эсептөөгө алып келет. Караңыз: Кыргызстандагы теңчиликти куруудa аялдарды орду; Аялдардын идеялары жана алардан күтүлүүчү натыйжа (https://centralasien.org/2017/01/09/part-2-womens-roles-in-the-construction-of-identity-in-kyrgyzstan-ideas-and- Ожидания- of- женщины/).

Кыргыз Республикасынын «Эркектер менен аялдардын бирдей укуктары менен бирдей мүмкүнчүлүктөрүнө берилүүчү мамлекеттик кепилдик тууралуу» Мыйзамында гендерлик теңдиктин сакталышын камсыздоочу институттук механизм бар. Учурда гендерлик саясатты ишке ашыруучу жана өнүктүрүүчү ыйгарым укуктуу орган болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги саналат.

Кыргызстандын аялдар уюмдары аялдарга байланыштуу ар кыл багыттагы маселелерди чечүүгө салым кошуп жаткандыктарын да белгилеп кетүү керек. Маселен, Аялдардын мыйзам чыгаруу демилгелери альянсы бүгүнкү күндө өз ичине 140 БӨУнү жана физикалык жактарды камтыйт. Булардын негизги максаты мыйзам демилегелерин өткөрүү аркылуу аялдардын чечим чыгаруу чөйрөсүндөгү таасирин күчөтүү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жарандык коомдун ортосундагы мамилени бекемдөө болуп саналат. Кыргызстан көз карандысыздыкка жеткенден кийин аялдардын ал-абалын жакшыртуу боюнча улуттук саясатты натыйжалуу ишке ашыруу үчүн өнүгүүнүн демократиялык жолун тандап алган. Бул жол жарандык коомдун өнүгүшүн, демократиялык институттардын жана БӨУнун түзүлүшүн шарттайт. Кыргызстандагы БӨУнун негизги үлүшүн социалдык, экономикалык, билим берүүчүлүк жана кайрымдуулук долбоорлору менен иштегендер түзөт.

«Аялдарга жардам берүү борбору», «Юрист аялдардын ассоциациясы», «Милиционер аялдардын ассоциациясы», «Коопсуздук секторундагы аялдардын ассоциациясы», «Кризистик борборлордун ассоциациясы», «Жарандык коомду колдоо борбору», «Майып аялдардын ассоциациясы» сыяктуу коомдук уюмдар Бишкек, Ош шаарларындагы, Кыргызстандын бардык жети областындагы аялдардын фундаменталдык укуктарын (үй-бүлөдөгү зомбулук, ала качуу, катталбаган никеге туруу ж.б.) социалдык коргоо жаатында иштешет. Светтик жана диний институттар үчүн түзгөн окуу программаларында аялдарга келтирилген зомбулуктар коомдун бузулушуна канчалык таасирин тйигизерин, бул өз кезегинде эл аралык адам укугун буза тургандыгын баса белгилешет.

«Ишкер аялдардын ассоциациясы», «Кол өнөрчүлөрдү колдоочу борбор азиялык ассоциация» сыяктуу коммерциялык эмес уюмдар менен бирикмелер айыл жергесиндеги аялдарды ишкерлик кылууга, өзгөчө айыл чарба продукциясын кайра иштетүүгө, кол өнөрчүлүккө жана айыл туризмин жандандырууга тартышат.

Улам барган сайын көптөгөн аялдар айыл калкын жумуш орду менен камсыз кылып, кичи жана орто ишкерлик менен алек болуп келе жатышат. Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүнүн натыйжасында алынган сыр, кыям, консерва, бал сыяктуу азык-түлүктөр жегиликтүү базарда гана эмес, чет өлкөлүк базарларда да өз алармандарын тапты. Экологиялык жактан таза жуунуучу жана косметикалык каражаттар (чөптөн жана жемиштерден жасалган) айыл жашоочуларынын гана эмес, шаардыктар менен туристтердин да сүймөнчүгүнө ээ болгон. Кол өнөрчүлөр жасаган продукциянын ассортименти жыл өткөн сайын көбөйүүдө. Бүгүнкү күндө салттуу кийимдер, интерьер буюмдары, белек жана сувенир катары жасалган буюмдар ички рынокто гана эмес, тышкы рынокто да сатылууда. Кыргызстандын айылдарындагы конок үйлөрдүн тармактары эл аралык стандартка төп келгендиги менен таанылып, туристтер арасында аты чыгып, таанымал болуп калган.

71. МЕКЕМЕЛЕР. Белгилей кетүүчү жагдай, Кыргызстан парламентинде аял-депутаттардын форуму иштейт. Форум аял-депутаттардын партиялуулугуна, фракцияга таандуулугуна карабастан, алардын биримдиги жана консалидациясы үчүн түзүлгөн. Форумдун ишинде аялдардын укуктарын жылдыруу, чечим кабыл алуунун баардык деңгээлдеринде аялдардын өкүлдөрүн көбөйтүү боюнча бир топ артыкчылыктар белгиленген. Мындан сырткары, форумдун күн тартибине репродуктивдүү укук, үй-бүлөдөгү зомбулук, алименттер, сексуалдык зомбулук жана ала качуу сыяктуу маселелер киргизилген. Форумдун жер-жерлердеги жыйындары жергиликтүү аял-активисттердин, жергиликтүү кеңештердин аял-депутаттарынын ишин активдештирүүгө өбөлгө түзөт.

## ТҮРКИЯ

72. Түркия туруктуу өнүктүрүүгө жана БУУнун туруктуу өнүктүрүү жаатындагы максаттарына чоң маани берет. Министрликтер жана ведомстволор сыяктуу мамлекеттик мекемелер, негизинен гендердик теңчиликти кошуп, БУУнун туруктуу өнүктүрүү максаттарына шилтеме кылышат.

73. Гендердик теңчилик Түркиянын Конституциясында бекитилген. Конституциянын 10-беренесинде: «баардыгы, жынысына карабастан, мыйзам алдында тең…» жана «аялдар жана эркектер бирдей укуктарга ээ. Мамлекет ушул теңчиликти ишке ашыруу үчүн жоопкерчилик тартат» деп айтылат.

74. Түркия кийинки он жылдыкта дүйнөнүн 10 эң ири экономикаларынын бири болмокчу, жана, божомолдорго ылайык, экономикалык клубга триллион доллар менен кирет. Ушул көрүнүштү ишке ашыруу үчүн, экономикалык жактан өнүгүү, гендердик теңчиликке демилге берүү жана кыздарга билим берүү максатында Түркия гендердик теңчилик көйгөйлөрүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн кеңири диапазонунда чечип жатат. Түркия гендердик саясатта тиричиликтеги зомбулукту алдын алууну, гендердик баалуулуктарды жана адамдык капиталды өнүктүрүүнү негизги артыкчылыктар катары бөлүп чыккан.

75.ПРООНдун (ППР) 2016-2020-жылдарга өлкөлүк программа боюнча документинде ПРООНдун Стратегиялык планында колдонулган ыкма колдонулат, жана гендердик проблематиканы эсепке алуу өтмө көйгөй катары каралат. Жалгыз жолу гендердик теңчиликке багышталган, бирок ал дагы CPDнын баардык башка натыйжаларына киргизилген. ПРООНдун Стратегиялык планына ылайык, ДСП Түркия үчүн аялдардын эмгек рыногуна катышуусуна, аялдардын чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусуна, сексуалдык жана гендердик зомбулукту (СГБ) жок кылууга артыкчылык берет.

### Түркияда аялдардын укуктарына карата жалпы тарыхый көз караш

76.Түркия аялдардын укуктары үчүн кыймылдын прогрессивдүү тарыхына ээ. Түркиядагы аялдардын укуктук кыймылы 19-кылымда аялдар үчүн мезгил-мезгили менен чыгуучу басмалардын бир катарынан башталган. 1868-жылы Стамбулда аялдардан жана эркектерден турган аралаш курамы менен биринчи аялдар журналы (Progress / Terakki) жарыяланган. 1885-жылы Стамбулда айрым жарыялоолордон кийин жалаң гана аялдарга таандык болгон жана алар тарабынан толтурулган биринчи журнал пайда болгон (Гүлдөр багы / ofükûfezar). 20-кылымдын башталышында Түркияда аялдар ассоциациялары пайда болгон. Көптөгөн жарандык бирикмелерден кийин 1923-жылы, республика түзүлгөнгө чейин бир нече ай мурун биринчи феминисттик саясий бирикме түзүлгөн (жарым-жартылай саясий партия жана жарым-жартылай аялдардын укуктарын коргоо уюму), ал 1935-жылга чейин иштеген.

77. 1926-жылы Түркияда жаңы Жарандык мыйзам кабыл алынган. Ушул мыйзам менен мурас, күбөлүк көрсөтмөлөр, нике, ажырашуу, мүлктүк укуктар жана моногамияга тыюу салуу сыяктуу жарандык кодекстин аспекттеринин көбү аялдар жана эркектер үчүн теңдештирилет. Реформалардын көбү бүгүнкү күнгө чейин кандай болбосун башка кемчиликтерди четтетүү үчүн укуктун баардык чөйрөлөрүндө өткөрүлүп келет.

78. Түркия аялдардын шайлоо укугу – аялдардын добуш берүү жана шайлануу укугу жетишилген дүйнөдөгү алгачкы өлкөлөрдүн бири болуп саналат: 1930-жылы жергиликтүү шайлоолор үчүн жана 1934-жылы жалпы шайлоолор үчүн. Бул даталар Франция, Италия, Бельгия, Португалия, Греция, Румыния, Югославия, Швейцария ж.б сыяктуу башка европалык өлкөлөргө караганда ондогон жылдарга эртерээк болгон. Мындан тышкары, дүйнөнүн эң ири экономикаларынын айрымдары аялдардын шайлоо укугун Түркиядан кийин ондогон жылдар өтүп таанышкан, мисалы: Жапония, Кытай, Индия ж.б.

79. Түркия аял өкмөт башчысы/премьер-министр болгон алгачкы өлкөлөрдүн бири болуп саналат. 1993-жылы Тансу Чиллер Түркиянын алгачкы аял-премьер-министри болуп, үч жыл иштеген. Түркия аял-премьер болгон үчүнчү мусулман өлкөсү болуп саналат. Мындан тышкары, аял-премьери бар дүйнөдөгү 15-өлкө жана Европадагы 8-өлкө болуп саналат.

**Түркиянын гендердик саясатынын заманбап абалы**

80. Түркиянын гендердик саясатына тийиштүү негизги пландар жана программалар: Өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, Гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча аракеттердин улуттук планы, Аялдарга карата зомбулукка каршы күрөш боюнча аракеттердин улуттук планы. Аялдарды жумуш менен камсыздоону жогорулатуу жана мүмкүнчүлүктөрдүн теңчилигине жетишүү жөнүндө Премьер-министрдин циркуляры (2010-ж.).

91. Түркиянын гендердик саясатына карата негизги институттар болуп төмөнкүлөр саналат: мыйзам чыгаруу тарабынан – Аялдар жана эркектер үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги боюнча парламенттик комитет, аткаруу бийлиги тарабынан – Эмгек, социалдык саясат жана үй-бүлө министрлиги, Башкы директораттар - Аялдардын абалы боюнча башкы башкармалык, Үй-бүлө иштери жана социалдык кызматтар боюнча башкы башкармалык, Балдарды тейлөө боюнча башкы башкармалык, Үй-бүлөлүк консультациялоо борборлору жана аялдар үчүн баш калкалаар жерлер.

82. Аялдар жана эркектер үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги боюнча парламенттик комитет 2009-жылы аялдардын укуктарын коргоо жана демилгелөө жана гендердик теңчиликти камсыз кылуу максатында түзүлгөн. Мыйзам чыгаруу милдеттерине кошумча түрдө комитет апелляцияларды кабыл алат, мамлекеттик мекемелерден маалыматтарды суроо-талап кылууга укугу бар жана мамлекеттик мекемелердин, академиялык мекемелердин, жарандык ассоциациялардын комитеттин ишине байланыштуу иштерин колдоно алат. Ошондой эле комитет гендердик теңчиликке байланыштуу отчетторду, серептерди жана сунуштамаларды жарыялайт.

83. Эмгек, социалдык саясат жана үй-бүлө министрлигинин негизги милдеттери болуп инсанды жана үй-бүлөнү бекемдөө үчүн социалдык кызматтарды көрсөтүү, социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, жумушчу күчкө жана жумуштуулукка көмөк көрсөтүү, социалдык камсыз кылуу тутумунун майнаптуулугун колдоо болуп саналат. Эмгек, социалдык саясат жана үй-бүлө министрлиги жөнүндө мыйзамдар 26 мыйзамдан, мыйзам күчүнө ээ болгон бир жарлыктан жана 600гө жакын башка ченемдик актылардан жана протоколдордон турат. https://kms.kaysis.gov.tr/Home/kurum/24304011

84. Түркияда аялдардын адамдык капиталын жакшыртуунун үстүндө, өзгөчө билим берүү чөйрөсүндө иштеген башка да мекемелер бар. 2010-жылдардын ичинде Билим берүү министрлиги жана Жогорку билим берүү институту билим берүү чөйрөсүндө да, илимий чөйрөлөрдө да гендердик теңчилик жөнүндө кабардар болгондукту жогорулатууга жана ага көмөк көрсөтүүгө багытталган долбоорлорду иштеп чыгышкан жана ишке ашырышкан.

85. Үй-бүлөлүк маселелерде гендердик саясаттын колдонуудагы укуктук негизи болуп Жарандык мыйзам саналат (2001-жылдын 22-ноябрында кабыл алынган). 2003-жылы калкы 100 000 адамдан ашык болгон баардык райондордо үй-бүлөлүк соттор түзүлгөн, алар жарандык кодекстин үй-бүлөлүк аспекттерине жана тиричилик зомбулуктун курмандыктарын коргоого адистештирилген.

86. Жарандык мыйзамдарга ылайык, никеге туруунун негизги шарты болуп жубайлардын толук жана акысыз жеке макулдугу саналат. Аялдар да, эркектер да үчүн никеге туруунун мыйзамдуу курагы – 17 жаш болуп саналат. Мыйзамга

ылайык 17 жашка толо элек балдар менен кыздар никеге тура алышпайт. Бирок өзгөчө кырдаалдарда жана маанилүү себеп болгондо, сот 16 жашка чыккан балага же кызга никеге туруугa уруксат берген чечим кабыл алыш мүмкүн.

87. Көп аял алууну алдын алууга жана үй-бүлөдө аялдардын укуктарын коргоого карата, диний никелер болгонго чейин алар жарандык бийликтер тарабынан каттоого алынышы керек. 1936-жылы киргизилген оңдоолор ылайык, катталбаган диний никелер Кылмыш кодексине киргизилип, кылмыш катары аныкталган. Учурдагы тутумда катталбаган диний никелерди алдын алуу үчүн областтык жана райондук диний органдар реестр жүргүзүп, ал реестрди Жарандык абалдын актыларын каттоо дирекциясына (NüfusMüdürlüğü) бери турушу керек. Ал эми Жарандык абалдын актыларын каттоо дирекциясы ошол реестрди бекитет. Колдонуудагы Кылмыш кодексинде көп аял алуу кылмыш болуп саналып, эки жылга чейинки мөөнөткө жазаланат.

88. Түркияда аялдарды окутуу академиялык чөйрөлөрдө өсүп келе жаткан тармак болуп саналат. Түркияда Аялдардын изилдөөлөрүнүн алгачкы адистештирилген илимий-изилдөө институту 1989-жылы ачылган. Ошондон тартып аялдардын изилдөөлөрүнүн изилдөө борборлорунун саны өсүп, 2018-жылдын башына карата Түркиянын 85 университетинде университеттин бөлүгү болуп саналбаган аялдардын изилдөө борборлору бар.

**Билим берүүдөгү гендердик теңдик**

89. Башка жагынан алганда, айыл, райондордо билим алууга жеткиликтүүлүк көйгөйлөрүн өзгөчө кыздар үчүн чечүү максатында республика түзүлгөн алгачкы жылдардан тартып эле көптөгөн долбоорлор иштелип чыккан. Баардык аракеттерге карабастан, 2000-жылы баштапкы мектептерде балдардын жана кыздардын ортосундагы айырма 7%ды түзгөн. Мындан тышкары, ушул жетишпегендикти жоюу үчүн 2001-жылы Билим берүү министрлиги жана ЮНИСЕФ биргелешкен долбоорду иштеп чыга башташкан, ал 2003-жылы ишке киргизилген. Ошол долбоордун жардамы менен Түркиянын 53 провинциясы билимге жеткиликтүүлүктү жакшыртуу үчүн тандалып алынган. Долбоорду ишке ашыруунун биринчи жылы кыздардын 40 000 кошумча мектепке баруусу болгон, жана долбоор 2005-жылы аяктаган. Өкмөт билимге тартууну кеңейтүүгө багытталган жаңы долбоорлорду иштеп чыгуу жолу менен алдыга жылган. Мындай мамлекеттик долбоорлор акысыз окуу материалдарын, баардык окуучулар үчүн акысыз сүттү, айыл борборлорунда акысыз мектеп-интернаттарды жана алыс жайгашкан айылдарды окуучулар үчүн акысыз күндөлүк трансферттерди камтыйт.

**Эмгектеги гендердик теңчилик**

90. 2019-жылдын биринчи айында Түркиянын калкынын саны 82 миллион адамдан ашык болгон. Бул санга качкындар, чет өлкөлүк жумушчу күч жана убактылуу статусу бар адамдар кирбейт. Азыркы тургундардын массасы (убактылуулардын

жана туруктуулардын) 90 миллионго жетет. Түркиянын жумушчу күчү (анын ичинде ата-мекендик жана чет өлкөлүк) дээрлик 35 миллион адамды түзөт. Жумушчу күчтүн аялдарга жана эркектерге карата катышы дээрлик 1: 2 түзөт. Бул негизинен өнүккөн өлкөлөргө караганда төмөнүрөөк болуп саналса да, Түркияда кыйла жогору статусу менен жумушчу орундардагы аялдардын катышуусу төмөнүрөөк статусу менен жумушчуларга караганда жогору. Мисалы, эркектер арасында врачтардын жана аялдардын катышы 2:3 түзөт, ал эми окумуштуулардын арасында дээрлик 1:1 түзөт. Аялдардын эмгек рыногуна кошкон салымына таасир эткен башка да факторлор бар.

91. Эмгек рыногундагы гендердик теңчиликке терс факторлор гана эмес, аялдарга карата жагымдуу дискриминациялык жоболор да таасир этет. Түркияда аялдарга карата дискриминациянын көптөгөн юридикалык жагымдуу көрүнүштөрүнө кошумча уникалдуу айрыкча укуктар бар. Мисалы, жесир аял өкмөттөн каза болгон күйөөсүнүн пенсиясынан же маянасынан өмүр бою, эгерде ал кайра никеге турбаса, курагы боюнча чектөөсүз 75% алат (кадыресе «жесир аялдын маянасы» деп аталат). Мындан тышкары, күйөөгө тие элек кыз каза болгон атасынын пенсиясынан же маянасынан курагы боюнча чектөөсүз - өмүр бою, иштей электе 50% алат (элде аны «жетим маянасы» деп коет). Жагымдуу дискриминациялоо жөнүндө ушул жоболор аялдарды сооротсо да, аялдардын жумушчу күчкө катышуусуна терс таасир этет. Мындай атайын жардам өзгөчө болуп саналып, өнүккөн өлкөлөрдө жок.

92. Түрк мыйзамдары тең эмгек үчүн тең акыны кепилдейт, жана иш жүзүндө баардык билим берүү программалары жана окутуулар аялдар үчүн ачык.

93. 2001-жылы Түркиядагы экономикалык кризистен кийин жумушсуздуктун өсүшүнүн залакасы эркектерге караганда аялдарга көбүрөөк тийген. Аялдардын жумуштуулугунун пайызы чукул төмөндөп, жумуштан бошотулган аялдардын саны жумуштан бошотулган эркектердин санына караганда эки эсеге өскөн. Кризистен кийинки экономикалык бум цифралардын кризиске чейинки деңгээлге чыгарган. Туруктуу экономикалык өсүш аялдардын жумушчу күчкө салымын жакшырткан. Бирок бул майнапты тереңирээк изилдөө керек, анткени кадыресе эркектер үй-бүлөсүн багууга жооптуу болуп саналгандыктан, жумуш берүүчүлөр рецессия мезгилиндеги жумуштан бошотуу учурларында күйөөлөрдү /аталарды калтырууну артык көрүшөт болуш керек. Азыркы европалык же англис-америкалык баалуулуктардан айырмаланып, анатолиялык маданият аялдарга караганда жумушсуз күйөөлөрдү көбүрөөк түйшөлтөт, жана узак мөөнөттүү жумушсуздук эркек үчүн уят болуп саналып, айрым эркектерди өз жанын кыюуга чейин алып барат.

94. 2001-жылдагы кризистен кийинки жумуштуулуктун өсүп жаткан көрсөткүчтөрүнөн тышкары, ишкер-аялдардын саны метрополияларда да, чакан провинцияларда да туруктуу өсүп жатат. Түркияда Өкмөт, жеке банктар жана эл

аралык программалар ишкер-аялдар үчүн көптөгөн долбоорлорду иштеп чыгат жана колдонот.

**Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана үй-бүлөнү коргоо**

95. Түркиядагы салттуу баалуулуктарга ылайык, үй-бүлө ыйык болуп саналат. Жаңы үй-бүлө чоң-апалар жана чоң-аталар, туугандар тарабынан колдоого алынып, ажырашуу жагымсыз болуп саналат. Көйгөйлөр пайда болгондо, кеңейтилген үй-бүлөдөгү тенденция жубайларга никени бузбай, аны оңдоого жардам берүүгө багытталган. Салттуу анатолиялык үй-бүлөдө муундар ортосундагы мамилелерде да белгилүү болот. Жаш муундар өз ата-энесин, ошондой эле чоң-апасы менен чоң-атасын терең урматтоо менен мамиле кылышат. Айыл жергесинде жана айрым мегаполисттерде кеңейтилген үй-бүлөлөр бир үй чарбасында турушат. Бирок, 1950-жылдардан тартып шаардык өнүгүү жана жумушчу күчтүн мобилдүүлүгү менен бирге (өзгөчө кеңейтилген үй-бүлө жашаган жердеги жумуштан айырмаланган жумуш издөөдө) шаардык райондордо нуклеардык үй-бүлөлөрдүн саны өсүүдө.

96. Түркияда ата-энеликти көбүнчө батыш коомдордо байкалган биргелешип тарбиялоо концепциясы менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Ата-энеси экөө тең иштеген үй-бүлөлөрдө, чоң-апасы менен чоң-атасы же башка туугандары жашы жете элек балдарды күндүзү өз ыктыяры менен карап беришет. Ага карабастан, нуклеардык үй-бүлөлөр жашаган шаардык райондордо күндүзгү борборлор кеңири тараган. Кадыресе үй-бүлөдө анатолиялык аялдар балдарды багууда өздөрүнө көбүрөөк жоопкерчилик алышкан, бирок аталардын балдарды кароого салымы бара-бара өсүп жатат. Мындан тышкары, камкорчулугу бар жана балдарын багууга милдеттүү болгон жалгыз бой аталар да көп.

97. Түркияда ЖМКнын, интернеттин жана видео оюндардын таасири чоң көйгөй болуп саналат. Көзөмөлсүз ЖМКлар үй-бүлөлүк баалуулуктарды начарлатып, зомбулуктун ар кандай түрлөрүн пропагандалайт. Өзгөчө бул жаш адамдарга тийиштүү. «Коопсуз интернет» жана «Медиа сабаттуулук» программалары» жалпыга маалымдоо каражаттарынын терс таасирине каршылык көрсөтүү үчүн иштелип чыккан. 2007-жылдан тартып мектептерге медиа сабаттуулук сабактары киргизилген.

98. Үй-бүлөдө зомбулукту түп-тамырынан жок кылуу максатында соттор жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үй-бүлөдөгү зомбулук маселелери боюнча атайын тренингдерден өтүп турушат. Акыркы жылдары зомбулукка дуушар болгон балдар үчүн чакыруу боюнча күнү-түнү иштеген эксперттер, кепилденген алименттик карыз, кыйла сабырдуу буйруктар, ошондой эле сезимтал аялдар үчүн дүрбөлөңдүн зымсыз кнопкалары сыяктуу, үй-бүлөдө зомбулукту минималдаштырууга жана курмандыктарды коргоого багытталган көптөгөн долбоорлор иштелип чыккан.

99. Түркияда 2018-жылдын сентябрына карата 132 аялдар приюту катталган.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

100. Глобалдык контекстен алып караганда ТҮРКПАга мүчө төрт өлкөдө гендердик теңчилик боюнча мыйзамдар жетиштүү деңгээлде прогрессивдүү жана өнүктүрүлгөн. Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Түркияда БУУнун туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүүсүнө өздөрүнүн катышуусун билдирүүсү үчүн улуттук мыйзамдар менен стратегиялык программалардын толук пакети бар. Бирок башка көптөгөн өлкөлөрдөй эле гендердик маселелер боюнча улуттук мыйзамдардын саны менен реалдуулуктун ортосунда ажырым бар.

101. Маданият, салт-санаа, үй-бүлөлүк жана диний таандуулук расмий мыйзамдардын алдында артыкчылыкка ээ. Маданий алкактан алып караганда баардык ТҮРКПА өлкөлөрүндө эркектердин басымдуулук кылган орду белгиленип, мурдагыдай эле улгайган адамдарды сыйлоо, ата-энелер менен 18 жаштан ашкан балдарынын бир жерде болуусу сыяктуу стереотиптер иштеп келүүдө. ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдөгү 75-80% жаштар ата-энелеринин кеңештерин угуп, аларды урматтайт.

102. Ар бир өлкөдөгү үй-бүлөлөрдүн маданий жактан окшоштугунун сезимтал жана татаал жактары бар. Маселен, демографиялык көйгөйлөрдү жана өспүрүмдөр арасындагы өз жанын кыюуларды азайтуу, ажырашуудан кийин аялдардын укуктарын кантип коргоо, ала качуудан, зордуктоодон улам абийиринен ажыраган кыздардын өз жанын кыюуларын кантип токтотуу, үй-бүлөдө алкоголь ичимдигин ичүү көйгөйүн кантип токтотуу бүгүнкү күнгө чейин түшүнүксүз.

103. Айрым жерлерде аялдар турмуш-тиричилик зомбулуктарынан өз укуктарын колдонууда билимдүү көрүнүшөт. Ал гана эмес алардын жумуш менен камсыз болуусу болжол менен 25%ды түзөт. Айрым коомчулуктарда аялдар полиция же расмий бийлик тарабынан болгон зомбулуктарды жаап-жашырууну туура таап, аларды үй-бүлө чегинде сактайт. Курмандыктар демейде өмүрүнө коркунуч келген учурларда гана мындай зомбулукту ачыктайт.

104. Кыязы, аялдар күйөөлөрүндөй эле үй-бүлөлүк бюджетке өз күчтөрүн сала алаарына ишеними жок.

105. Үй-бүлө – бул адамдын толук жашоо циклин коштоочу өтө маанилүү топ эле эмес, коомчулуктун стабилдүү жана туруктуу өнүгүшү жана мамлекеттин берекелүү турмушу үчүн маанилүү негиз болуп саналат. Реалдуу турмушта үй-бүлөдө көптөгөн проекциялар – моралдык жана рухий жактан каржылык жана экономикалык жакка чейинки проекциялар бар. Ал кайра өндүрүү, билим берүү, ар тараптуу социализациялар, салт-санааны өткөрүү, этномаданий үрп-адаттарды сактоо менен байланышкан көптөгөн иш-милдеттерди аткарат. Үй-бүлөдө

өнөктөштөрдүн экөө тең күчтүү болсо коомчулук дагы ошончолук күчтүү болот. Үй-бүлө экономикасы канчалык күчтүү болсо, коомчулук ошончолук бекем жана өнүккөн болот.

106. Аялдардын өзүн өзү баалоосу үчүн баардык төрт маданият корголушу керек. Зомбулуктун тигил же бул түрү (кол көтөрүү же моралдык) адамдардын менталитетинен сүрүлүп чыгышы керек. Үй-бүлөдө алкоголь үчүүнү таптакыр токтотуу зарыл (өзгөчө балдардын алдында).

107. Аялдардын ички жана коомдук милдеттемелери бири- бири менен тез-тез каршы келет. (аялдар эркектерге караганда бир топ ашыкча саат эмгектенет). Бир жагынан алып караганда, аялдардын жумушсуздугу же акча төлөнүүчү жумуштан баш тартуусу үй-бүлөнүн биргелешкен кирешесин бир кыйла кыскартат. Экинчи жагынан алып караганда, аялдардын чектен ашыкча эле иштөөсү аялдар арасындагы төрөөнүн азайышынын маанилүү факторунун бири болуп калды. Аялдарга карата иш менен үй-бүлөнү кароонун ортосундагы аныкталган балансты табуу бул бир күндүк же бир айлык иш эмес.

108. Айрым үй-бүлөлөр башка тилдерге караганда эне тилине урматтоо менен мамиле кылат. Билим берүү министрлиги аркылуу Өкмөт эне тилди урматтоого кесипкөй деңгээлде көңүл буруусу керек.

109. Көптөгөн үй-бүлөлөр балдарын кызыктуу жана интеллектуалдык жактан өнүктүрүүчү ыкмалар колдонулгандыктан орус тилдүү же англис тилдүү бала бакчаларга берүүнү туура көрүшөрү жашыруун деле эмес. Маселен, айрым үй-бүлөлөрдө балдардын  бир бурчта отуруп, тынч ойноосуна гана маани берилет.

110. Мектептеги зомбулук кеңири жайылган. Бул дагы өтө олуттуу көйгөй. ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөр бул маселеге дагы көңүл бурушу абзел. Аялдарга жана балдарга болгон тигил же бул зордук-зомбулук алардын жеке инсан экендигине өтө төмөн баалоо болуп саналат. Адам өзүнүн кадыр-баркын төмөн сезиши менен психологиялык жактан жабыркоого туш болот. Үй-бүлөнүн саламаттыгы үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн өзүн-өзү урматоосунун көз каранды.

111. Өлкөдөгү өспүрүмдөрдүн өз жанын кыйган окуяларга жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) жана социалдык түйүндөр аркылуу коомчулуктун кеңири реакциясы болушу керек. Айрым өлкөлөрдө мындай окуялар полицияда жөн гана каттоого алынып, анын үй-бүлөсү жана туугандарынын арасында гана белгилүү бойдон калып калып, коомчулуктан эч кандай реакция болбой калат.